Ош облустук коомдук-саясый гезити
www.oshinfo.kg
# Ош жаңырыгы
ГЕЗИТ 1938-ЖЫЛЫ 14-ОКТЯБРЫНДА НЕГИЗДЕЛГЕН: "КЫРГЫЗСТАН БОЛЬШЕВИГИ", "ЛЕНИН ЖОЛУ"
№20 [16978] ИШЕМБИ, 09/08/2025

## АЛЫМБЕК ДАТКАНЫН 225 ЖЫЛДЫК МААРАКЕСИ УЛУТТУК ДЕҢГЭЭЛДЕ БЕЛГИЛЕНҮҮДӨ



2-бетте

## Калкка - заманбап шарттар, жакшы мамиле



4-бетте

*Кеңешбек Сайназаров:*

## ЖОЖдор алгачкы жылдары мектептин программасын эмес, шарт эле кесиптик билим бере башташ керек



6-бетте

## Турмушту оңдоого дем болгон жаңы мүмкүнчүлүктөр



5-бетте

## МАНАС ТААНУУ - ТАРБИЯ БАШАТЫ



8-бетте

Ош облустук коомдук-саясий гезити
Ош жаңырыгы

УЮШТУРУУЧУ:
Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги

**Башкы редактор:**
КАРАКОЗУЕВ
Асанбек Курманбекович

**Жооптуу катчы:**
Канымжан
Кыдыралиева

**Нөөмөтчү**
т.Абдыразаков

Гезит редакциянын компьютердик комплексинде терилип, жасалгаланды. "Принт Мастер" ЖЧКсынын басмаканасында басылды.
Бишкек шаары, Анкара көчөсү 1г
Көлөмү А3 - 2 басма табак
Тел: 0 (312) 53-00-00

**Буюртма №: 983**
**Нускасы: 1700**

**Реквизиттер:**
Р/эсеп: 4407011102006594
Бик: 440701, КР ФМ Борбордук казынасы
ИНН: 02401202310360
ОКПО: 31708371, Ош шаары МСКБ 032

**Дареги:** 723500, Ош шаары, Курманжан датка көчөсү, 209-үй.

Жарыяланган макалалар редакциянын толук көз карашын билдирбейт.
Жарыя-жарнамалардын текстине редакция жооп бербейт.
Кол жазмалар кайтарылбайт.

**Байланыш:**
Кабылдама: **7–13–34**
Жооптуу катчы: **7–10–02**
Жарнак бөлүмү: **7–11–31**
E-mail: **oshjan@mail.ru**

Гезитибиздин сайтына жогорудагы QR-код аркылуу кириңиз.

Гезитибиздин келе жаткан жаңы сандарына жазылууга жана жарнама кызматы үчүн жогорудагы QR-кодду колдонуңуз.
Терең урматтоо менен,
"Ош жаңырыгы" гезитинин редакциясы!

# "Сибир талаасы күнү – 2025" агрардык форуму

**Президенттин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү Эльчибек Джантаев жетектеген расмий делегация Алтай крайына болгон иш сапарынын алкагында, Барнаул шаарында өткөн "Сибир талаасы күнү – 2025" аттуу ири айыл чарба көргөзмөсүнө катышты.**



Иш-чара агрардык тармактагы эң ири жана маанилүү форумдардын бири болуп саналат. Көргөзмөдө айыл чарба техникасы, мал чарбачылыгы жана өсүмдүк өстүрүү үчүн жабдуулар сунушталып, Алтай крайынын мыкты асыл тукум заводдору менен репродукторлорунун жетишкендиктери көрсөтүлдү.

Сапардын алкагында Ош облусунун делегациясы бизнес-форумга катышып, бир катар өнөр жай ишканаларына жана соода-логистикалык борборлорго да таанышуу сапарларын уюштурушту.

Белгилей кетүүчү жагдай, Алтай крайынын Өкмөтү эки тараптуу кызматташтыкка өзгөчө маани берип келет. Акыркы эки жыл ичинде Алтай крайынан делегациялар бир нече жолу Ош облусуна келип, 2025-жылдын апрель айында Алтай крайынын Мамлекеттик филармониясынын чыгармачыл жамаатынын Улуу Ата Мекендик согуштагы Жеңиштин 80 жылдыгына арналган "Баарыбыз бирге, бүт эл, бүт дүйнө менен" аттуу концерттик программасы менен өткөргөн гастролдук иш-чарасы ийгиликтүү өттү.

Бул иш сапар боордоштук мамилелерди чыңдоого, аймактар аралык кызматташтыкты кеңейтүүгө жана агрардык тармактагы тажрыйба алмашууга чоң өбөлгө түзөт.

# Алымбек датканын 225 жылдык маарекеси улуттук деңгээлде белгиленүүдө



Кыргыз мамлекеттүүлүгүн түптөөгө жана өнүктүрүүгө зор салым кошкон мамлекеттик ишмер Алымбек датка Асан бий уулунун 225 жылдык маарекеси Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 16-июнундагы №482 тескемесине ылайык улуттук деңгээлде өткөрүлүп баштады.

Маарекелик иш-чаралар жакында Чоң-Алай районундагы Кашка-Суу айыл өкмөтүндө, Ленин чокусуна жакын жайгашкан альпинисттик лагерде туристтик фестивалдын ачылышы менен башталды. Иш-чарага КР Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн орун басары Илияз Ташбаев, Жогорку Кеңештин депутаттары, Алымбек датканын урпактары, жергиликтүү бийлик өкүлдөрү, кол өнөрчүлөр, альпинисттер, туристтер жана жергиликтүү тургундар катышты.

Илияз Ташбаев өз сөзүндө конокторду жана жергиликтүүлөрдү бул маарекелик салтанат менен Ош облусунун башчысы Эльчибек Джантаевдин жана өзүнүн атынан куттуктап, Алымбек датканын кыргыз мамлекеттүүлүгүн түптөө максатында жасаган кадамдарына, элдин ынтымагын бекемдөө багытындагы зор эмгектерине кеңири токтолуп өттү.

Алымбек датка — кыргыз мамлекеттүүлүгүн түптөөгө алгачкылардан болуп салым кошкон, Кокон хандыгында жогорку "датка" наамына ээ болгон, таасирдүү саясий ишмер. Ал кыргыздардын мамлекеттик көз карандысыздыгын камсыз кылуу, биримдигин чыңдоо багытында чоң аракеттерди жасаган.

Иш-чаранын алкагында улуттук боз үйлөр тигилип, кол өнөрчүлүк жана сүрөт көргөзмөлөрү уюштурулду. Алымбек датканын эмгектерин чагылдырган сахналык эпизоддор көрсөтүлүп, концерттик программа тартууланды.

Маарекеге арналган иш-чаралар жыл ичинде Алай районунда жана Ош шаарында улантылат.

# Социалдык объектилер курулуп, таза суу камсыздалат



Элдин жашоо шартын жакшыртуу максатында Ош облусунда социалдык объектилердин курулушу өз учурунда бүткөрүлүшү үчүн тиешелүү аракеттер көрүлүүдө. 2025-жылдын титулдук тизмеси жана мамлекеттик казыналык милдеттемелерге жалпы 206 объект киргизилген. Алардын ичинен:

- 107 объект капиталдык курулуш үчүн;
- 5 объект таза суу системалары үчүн;
- 31 объект капиталдык оңдоп-түзөөгө багытталган;
- 63 объект боюнча долбоордук-сметалык документация (ДСД) даярдалууда.

Мындан тышкары, 2024-жылдын II кварталынын жыйынтыгында облус боюнча 408 айыл же 80% таза суу менен камсыздалган болсо, 2025-жылдын ушул мезгилинде бул көрсөткүч 435 айылга жетип, 85,6% түздү. Жыл аягына чейин дагы 14 айыл таза суу менен камсыздалып, пайдаланууга берилет.

Бул иштер калкка ыңгайлуу шарттарды түзүүгө жана социалдык кызматтардын жеткиликтүүлүгүн арттырууга багытталган.

**Даярдаган: К.Кыдыралиева.**

# Жаңы окуу жылына даярдык жакшы

**Өзгөн районундагы билим берүү мекемелеринин саны 107, анын 104ү мамлекеттик, 3өө жеке менчик мектеп. Жогорку мектептердин 94ү орто, 5өө толук эмес орто, 8и башталгыч мектептер. Анын ичинен жалпы мамлекеттик мектептердеги окуучулардын саны 56837. М.Разаков жатак-интернатындагы окуучулардын саны 181, сырттан окутуу мектебиндеги окуучулдардын саны 3366, менчик мектептерде окуган окуучулардын саны 122. Жакында биздин кабарчыбыз райондук мамлекеттик администрация башчысынын орун басары, Өзгөн райондук жана шаардык билим берүү бөлүмүнүн башчысы Максатбек Ибраимовго жолугуп, аны менен маектешип кайткан.**



**-Максатбек Тургунбекович, сөздү Өзгөн районунда билим берүү мекемелеринин билим берүү сапатынын көрсөткүчтөрү, предметтик олимпиадалардын, жалпы республикалык тестке катышуунун жыйынтыктары тууралуу баштасак?**

- 2024-2025-окуу жылында райондук билим берүү бөлүмүнүн карамагындагы мектептерден предметтик олимпиадалардын II райондук этабында 34 окуучу жеңүүчү болуп, олимпиаданын III облустук этабына катышып, 4 окуучу 1-орунга, 5 окуучу 2-орунга жана 3 окуучу 3-орунга ээ болуп, жалпысы 12 окуучу байгелүү орундарга жетишишти. Ал эми республикалык олимпиадага 9 окуучу активдүү катышып келишти. Олимпиада боюнча райондо жыл өткөн сайын алга карай өсүү байкалууда.

2022-2023-окуу жылында Жалпы республикалык тестке Өзгөн районунун мектептеринин 11-классынын 3259 бүтүрүүчүсүнөн 1344 окуучу катышып, 200дөн жогорку баллга 5, 2023-2024-окуу жылында Жалпы республикалык тестке Өзгөн районунун мектептеринин 11-классынын 3398 бүтүрүүчүсүнөн 1158 окуучу катышып, 13, 2024-2025-окуу жылында Жалпы республикалык тестке Өзгөн районунун мектептеринин 11-классынын 3711 бүтүрүүчүсүнөн 1304 окуучу катышып, 15 окуучу ээ болушту. Алардын басымдуу көпчүлүгү-А. Тангатаров мектеп гимназиясынын, К.Раимбеков, Жылалды, К.Өмүрзаков, Ж.Абдрасулов, Т.Орозов жана Ж.Бөкөнбаев атындагы мектептин бүтүрүүчүлөрү. 2024-2025-окуу жылында өткөн окуу жылына салыштырганда 200 баллдан ашкан окуучулардын саны 2 ге өскөн.

Талдоо көрсөткөндөй, райондо окуучулардын акыркы 3 жылдагы билим сапатында өсүштөр бар. Быйыл жобонун өзгөргөндүгүнө байланыштуу 2024-2025-окуу жылында район боюнча 11-класстын 103 бүтүрүүчүсү кызыл аттестат, ал эми 9-класстын 137 бүтүрүүчүсү артыкчылык күбөлүк алышты.

**- Райондун аймагында 2024-2025-окуу жылында Дөң-Булак айыл аймагынын Чымбай айылындагы Т.Сарыков, Жалпак-Таш айыл аймагынын Кысык-Алма айылындагы А.Ташмаматов, Баш-Дөбө айыл аймагындагы Кашка-Терек айылындагы К.Кулматов атындагы орто мектебинин имараттары пайдаланууга берилген болчу. Андан сырткары кайсыл аймактарда мектептердин курулушу жүрүп жатат?**







- Бүгүнкү күндө район боюнча 9 мектептин курулушу башталган. Атап айтсак, республикалык бюджеттин эсебинен Кызыл-Октябрь айыл аймагында П.Жолдошов, Жалпак-Таш айыл аймагынын Т.Жоробеков, Төрт-Көл айыл аймагындагы "Жылалды", Т.Орозов, Баш-Дөбө айыл аймагындагы И.Базаркулов, Ийри-Суу айыл аймагынын К.Ботояров атындагы орто мектептеринин имараттары, Дүйнөлүк банктын эсебинен Төрт-Көл айыл аймагындагы Ана-Кызыл айылында А.Өмүрзаков атындагы орто мектебинин курулуштары жүрүп жатат. Ошондой эле Мырза-Аке айыл аймагындагы К.Раимбеков атындагы орто мектебинин курулуш иштери башталуу алдында турат.

**-Республикабыздын аймагында 12 жылдык билим берүүгө өтүү иш-чаралары жүрүп жатат. Өзгөн району бул реформага даярбы? Анын маани-маңызын түшүндүрүү, мугалимдерди методикалык жактан колдоо багытында кандай иш-чаралар жүргүзүлүүдө?**

- Бул багытта үстүбүздөгү жылдын 18-июлунда "Жаңылыктын жарчысы" аталышында райондук форум уюштурулду. Анда 12 жылдык билим берүү системасына өтүүнүн негизги элементтери: жаңы мамлекеттик билим берүү стандарты, предметтик стандарттар, базистик окуу планы, ошондой эле жаңыланган окуу китептери жана программалары талкууланды. Баарыбызга белгилүү, жакында Кыргыз Республикасынын Агартуу министрлиги тарабынан уюштурулган семинар-форум Ысык-Көлдүн жээгинде уюштурулду. Бул семинарга биздин райондон методикалык кабинеттердин башчысы жана 13 мектеп директорлорунун окуу-тарбия иштери боюнча орун басарлары катышты. Дал ушул адистер 12 жылдык билим берүүгө өтүү боюнча реформанын маңызын түшүндүрүүдө, мугалимдерди методикалык жактан колдоодо жана аларга жеринде жардам көрсөтүүдө негизги ролду аткарышат.

Форумдун жыйынтыгында методикалык ишти күчөтүүгө, жаңы окуу материалдарын натыйжалуу пайдаланууга жана мугалимдерди системалуу колдоого алып келээри күтүлүүдө. Кыргыз Республикасында 12 жылдык билим берүү системасына этап-этабы менен өтүү жүрүп жаткандыгы айтылды. 12 жылдык билим берүүнүн жолдорун мектеп мугалимдерине түшүндүрүү, окуулары, семинарларды уюштуруу максатында Жазы аймагы боюнча А.Өмүрзаков атындагы орто мектептин окуу бөлүмүнүн башчысы Бошотоев Чыңгыз, Куршаб аймагы боюнча Токтогул атындагы орто мектебинин окуу бөлүмүнүн башчысы Мурзалиев Мелис, Мырза -Аке аймагына А.Маматов атындагы орто мектебинин окуу бөлүмүнүн башчысы Арапова Махабат, Өзгөн шаарына караштуу мектептерге окуу-усулдук каанасынын башчысы Жусуева Анаркан жооптуу болуп бекитилди.

**- Райондун аймагындагы мектепке чейинки билим берүү боюнча аткарылып жаткан иштер тууралуу айта кетсеңиз?**

- Бул багыттан алганда, бизде мактана турган иштер арбын. Район боюнча 10300 бала бала бакчага тартылган. Бизде жыл өткөн сайын бала бакчанын саны көбөйүп жатат. Акыркы 3 жылда 27 бала бакча ачылды. Бүгүнкү күндө 117 бала бакча иштеп жатат. Азыркы учурда республикалык бюджеттин эсебинен Кенеш, Наристе, Азада апа, Ак ниет, Красный Маяк сыяктуу 5 балдар бакчасынын курулушу жүрүп жатат. Аталган балдар бакчалары пайдаланууга берилип калса, 475 бала мектепке чейинки билим берүү мекемелерине тартылат.

Акыркы жылдарда райондогу бала бакчалар бир топ ийгиликтерди жаратышты. Атап айтсак 2023-жылы "Асыл Мырза" балдар бакчасынын тарбиячысы облуста "Жылдын мыкты тарбиячысы" кароо-сынагында 2-орунга ээ болгон. 2024-жылы "Наристе", "Ханбаян Нур", Келечек балдар бакчалары "Жылдын мыкты инновациялык бала бакчасы", "Жылдын мыкты тарбиячысы", ""Жылдын мыкты усулчусу", "Жылдын мыкты музыканты" кароо-сынактардын облусттук, республикалык турларына катышып, байгелүү орундарга жетишишти.

2025-жылы СТЕМ-багыты боюнча бала бакчалардын 200гө жакын тарбиячысы жаңы технологиялар жана интеграцияланган методдор боюнча атайын окуудан өтүшүп, өз иштеринде колдонушууда.

**- Өзгөн районунун мамлекеттик администрациясы жыл сайын чыгармачылык менен иштеп жаткан алдыңкы билим берүү мекемелерин колдоо, мугалимдерге, балдар бакчаларынын тарбиячыларына дем берүү максатында сыйлыктарды берип келүүдө. Мындай иш-чаралар быйыл да уланабы?**

- Сиздер туура байкагандай, Өзгөн районунун мамлекеттик администрациясы билим берүүгө олуттуу көңүл буруп келет. Алдыңкы чыгармачылык менен иштеп жаткан мектеп коллективин колдоо, мугалимдерге дем берүү максатында таасирдүү иш-чараларды аткарып келет. Мисалы, 2023-2024-окуу жылынын жыйынтыгы менен 2024-2025-окуу жылынын башында акимибиз Каныбек Апбасов райондогу А.Тангатаров атындагы мектеп-гимназиянын жамааты окуу-тарбиялык иштеги бардык көрсөткүчтөр боюнча 1-орунду ээлегендиги үчүн жеңил автомашина ыйгарган. Ал эми 2-орунду ээлеген Б.Келдибаев атындагы орто мектебинин коллективине 500 000 (беш жүз мин) сом, 3-орунду ээлеген Ж.Абдрасулов жана Ж.Мойдунов атындагы орто мектептерине 35 000 (отуз беш мин) сомдон акчалай сыйлыктарды тапшырган.

Өткөн окуу жылынын жыйынтыгы менен Өзгөн райондук мамлекеттик администрациясы тарабынан алдыңкы, чыгармачылык менен иштеп жаткан бала бакчаларынын коллективине 400 000 (төрт жүз миң) сом кызыктыруучу сыйлык коюлган. Бул сыйлыктардын ээси "Наристе" жана "Ханбаян Нур" бала бакчаларынын коллективи болушкан. Ар бир бала бакчага 200 000 ( эки жүз миң) сомдон берилген.

Өзгөн райондук мамлекеттик администрациясынын быйылкы окуу жылынын жыйынтыгы менен жаңы окуу жылынын башталышына карата чыгармачылык менен иштеп, жогорку көрсөткүчтөргө жетишкен алдыңкы,мектеп жана мектепке чейинки билим берүү мекемелеринин жамааттарына акимдин дем берүүчү сыйлыктары бар.

**Маектешкен:**
**Төлөнбай**
**АБДЫРАЗАКОВ.**

# Калкка - заманбап шарттар, жакшы мамиле

**Ноокат районундагы калкты тейлөө борбору райондун жарандарына өздүгүн тактаган жана башка тиешелүү документтерди камсыздоодо алгылыктуу иштеп жатышат. Айта кетсек, райондун аймагында аталган борбордун эки филиалы бар. Алар "Көк-Жар" жана "Н. Исанов" айыл өкмөттөрүнүн аймактарында жашашкан калкты ийгиликтүү тейлешүүдө.**



Ноокат районундагы калкты тейлөө борборун жогорку билимдүү жаш адис Маманов Самарбек Токтоболотович ийгиликтүү жетектеп келе жатат. Учурда борбордо 20 кызматкер калкты сапаттуу тейлөөнүн деңгээлин жакшыртышып, ийкемдүү эмгектенишүүдө. Биз айтып жаткан Ноокат районундагы Калкты тейлөө борборунда тастыктоочу документтери боюнча кайрылып келген жарандар үчүн заманбап шарттар түзүлгөн.

Айтканыбыздай, борбордо жарандык паспорт, туулгандыгы тууралуу күбөлүктөр жана башка тиешелүү документтерге




иш кагаздарын кабыл алууда жарандарга сылык-сыпаа мамиле жасашат. Калк менен тыгыз байланышта эмгектенишет. Иш-аракеттерди жүргүзүүдө жарандарды тейлөөнүн убактысы көпкө чейин созулбайт. Иштөөгө жакшы шарттар түзүлгөндүгү, компьютерлештирүү, санариптештирүү жакшы деңгээлде болгондугуна байланыштуу тейлөө мыкты экенин айтуу зарыл.

Борбордо көп жылдан бери эмгектенген кызматкерлердин катарында Мондуева Гүлзада Ражабалиевна, Каленов Рысбек Абдиназарович жана Шакирова Салкынай Абдыгапировна калкты тейлөөдө өздөрүнүн милдеттерин так жана жоопкечилик менен аткарышат. Ал эми жаш адистердин катарында болсо Маатова Айнура Асановна, Абдубалиева Айдана Ормонова ж. б. кызматкерлерди айтууга болот. Ноокат районундагы калкты тейлөө борборунун кызматкерлери жарандарды тейлөө менен биргеликте, айлана-чөйрөнүн тазалыгын сакташып, ишембилик өткөрүп экологияга, тазалыкка да салым кошушат.

Азыркы учурда жарандарга паспорттор Кыргызстанда жасалып чыгарылып жаткандыгы өтө жакшы көрүнүш. Белгилей кетсек, ID карта паспорту 10 жылга берилет. Жалпы жарандык паспорт 1 жашка чейинкилерге 2 жылга берилет, 1 жаштан 15 жашка чейинкилерге 5 жылга берилет, 16 жаштан баштап 10 жылга берилет. Тактап айтканда, туулгандан баштап паспорт алса болот.

Ноокат райондук калкты тейлөө борборунда жарандарга паспорт берүүдө арыздары электрондук системага киргендиги үчүн эч кандай кыйынчылыктар жок. Документтерди (паспорт, күбөлүк ж.б.)



азыркы учурда үйдө олтуруп эле онлайн "Түндүк" тиркемеси аркылуу алса да болот. Паспортторду алуу убактысы көпкө чейин созулбайт. Быйылкы жылдын ушул күнүнө чейин туулгандыгы тууралуу күбөлүк, никелешүү тууралуу күбөлүк ж.б. документтер берилди.

Ноокат районунун калкты тейлөө борбору 2025-жылдын жарым жылынын ичинде жарандарды документтештирүү, паспорттоштуруу, туулгандыгы тууралуу күбөлүк берүү, никени каттоо, никени бузуу, фамилия, атын, атасынын атын өзгөртүү ж.б. ушул сыяктуу арыздарды кабыл алды. Ошондой эле чет өлкөлүк жарандарды убактылуу каттоо, чет өлкөлүк жарандарга убактылуу жана туруктуу жашоого уруксат берүү, мекен-карт алуу жана КРнын жарандуулугуна кабыл алуу жана чыгуу боюнча арыздар каралды.



КРнын 16 487 жараны улуттук паспорт алган. Анын ичинен 7749 айдикарт 7749, 8738 жалпы жарандык паспорт берилди. 2025-жылдын июнь айына чейин туулгандыгы тууралуу 2769, нике тууралуу 792, өлгөндүгү тууралуу 589, ажырашуу тууралуу 226, аты-жөнүн өзгөрткөндүгү тууралуу 235 күбөлүк берилди.

Белгилей кетсек, паспорт -бул жарандыгын жана жеке инсандыгын далилдеген, эл аралык сапарларды жүзөгө ашырууда колдонулган расмий документ.

Паспорт көбүнчө эл аралык чектерди өтүү, башка өлкөлөргө баруу, же дүйнөнүн ар кайсы жактарына саякаттоо үчүн талап кылынат. Ошондой эле паспорттордун түрлөрү төмөнкүлөр болуп саналат: ID карт, жарандык паспорт, дипломатиялык паспорт, кызмат паспорту жана башкалар.

Белгилей кетсек, паспорт алуу үчүн документ тапшырган жарандар даяр болгондугун бир нече ыкма менен билсе болот. Эң эле ыңгайлуусу Электрондук кызмат көрсөтүүлөр мамлекеттик портaлы ("Түндүк") аркылуу онлайн-текшерүү болуп саналат. Бул үчүн жарандын жеке идентификациялык номерин терип, "текшерүү" баскычын басуу керек.

Ошондой эле порталда жарандын паспортунун аныктыгын текшерип алууга мүмкүнчүлүк түзүлгөн. Мында идентификациялык номерди, паспорттун номерин, сериясын, фамилиясын же атын терип караса болот. Кызматтар ыкчам түрдө берилет.

Паспорт даяр болгондугун 119 номурундагы call-борборуна (чалуу акысыз) чалып дагы билсе болот.

Белгилей кетсек, ID-паспортту даярдоо мөөнөтү демейки тартипте 12, жалпы жарандык паспорт 18 жумушчу күндө даярдалат. Ал эми тез арада даярдоо мөөнөттөрү 8, 4, 2 жумушчу күндү же 3 саатты түзөт. Документ даяр болор замат жаранга смс-билдирүү келет, эң маанилүүсү, арызда байланыш номерин туура көрсөтүү зарыл.

Кайсы учурларда паспорттор жараксыз деп эсептелет? Кыргыз Республикасынын жарандарынын улуттук паспорттору төмөнкү учурларда жараксыз деп таанылат:

– Кыргыз Республикасынын жарандарынын улуттук паспортторунун мөөнөтү аяктаганда;

– Кыргыз Республикасынын жарандыгы токтотулган учурда (жарандыктан чыгуу жана жарандыктан ажыратуу, Кыргыз Республикасынын жарандыгы жөнүндө мыйзамда каралган башка негиздер, Кыргыз Республикасы катышуучу болуп саналган эл аралык келишимдер менен белгиленген);

– Улуттук паспорт жаңы паспортко алмаштырылганда;

– Паспорт ээси каза болгон учурда же соттун чечими менен каза болгон деп таанылганда;

– Паспорт ээси аныкталбаган учурда;

– Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн улуттук паспортторунун тиешелүү түрлөрү жөнүндө токтомдору менен бекитилген улуттук паспорттун үлгүсүнө жана мазмунуна дал келбеген паспорт жана анын мазмуну;

– Ички иштер органдарынын акыркы чечими боюнча;

– Кыргыз Республикасынын улуттук паспортун чет өлкөдө жоготкондон кийин кайтып келүү күбөлүгүн берген учурда.

**Бурма Ысакова.**

# Турмушту оңдоого дем болгон жаңы мүмкүнчүлүктөр

**“Социалдык контракт” программасынын аткарылышы боюнча мониторингдин жыйынтыгы көрсөткөндөй, быйыл социалдык жардамдын өлчөмү 100 миң сомдон 150 миң сомго чейин көбөйдү. Бул чара аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдү катышууга шыктандыруу, алардын абалын жакшыртуу жана чакан бизнести колдоо максатын көздөйт. Контракттын катышуучулары бекитилген бизнес-планга ылайык өз демилгелерин өнүктүрүү үчүн үч жылдык мөөнөткө чейин 200 000 сомго чейинки пайызсыз насыя алууга мүмкүнчүлүк алып жатышат. Кара-Суу райондук эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция башкармалыгы да бул багытта бир катар иш-аракеттерди көрүп, социалдык контракт аркылуу жарандарды колдоп жатат. "Коомдун муктаж катмарына көмөк көрсөтүү, жарандардын турмушун жеңилдетүү, ошондой эле эмгек жана миграция маселелерин натыйжалуу жөнгө салуу багытында бир катар иштер аткарылды", - дейт башкармалыктын башчысы Кочкорбаев Нурлан Расулович.**



### Социалдык контракт долбоору натыйжалуу ишке ашууда

Кара-Суу райондук эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция башкармалыгы тарабынан социалдык контракт долбоорун ишке ашырууда бир катар маанилүү кадамдар жасалды. Колдоого муктаж үй-бүлөлөр менен түзүлгөн келишимдердин негизинде алар өзүн-өзү камсыз кылууга, чакан бизнес ачууга, мал чарбасын



же тигүү цехтерин өнүктүрүүгө багыт алышты. Бул багытта Кара-Суу району боюнча 671 квота бөлүнгөн, 2025-жылдын октябрь айына чейин бөлүнгөн өлчөмдөгү социалдык контрактты берүү ишке ашат.

2025-жылдын 2-кварталына карата 110 жаран менен социалдык келишим түзүлүп, 150 000 сом акча каражаттары берилди. Социалдык контрактын алган 5 жаран “Элдик Банк” аркылуу 200,0 сом пайызсыз насыя алышты. Бүгүнкү күндө 420 үй-бүлөгө социалдык контракттын негизинде 150 миң сомдон акча каражаты өздүк эсептерине которулду. Анын негизинде мал чарбасы -294, навай-1, тигүүчүлүк -29, курулуш шаймандары-1, такси кызматы-61, соода-сатык-24, өсүмдүк чарбасы-3, тоок чарбасы-1, бал аары-1, брусчатка жасоо-1, жыгач эмеректери-1, кондитер азыктары-2 ишке ашууда.

### Үй-бүлөнү колдоо жана балдарды коргоо

Миграцияда жүргөн ата-энелердин жашы жете элек балдарын жакын туугандарына камкордукка алуусу боюнча, ар бир социалдык кызматкер тарабынан түшүндүрүү иштери жүргүзүлүүдө. Бул боюнча, 3 мектеп-интернатында 761 бала окуп жатат (К.Жакыпов – 320, Д.Султанов – 270, дүлөй ДМЧ балдар мектеби- 171 ). Жалпы 868 окуучу психологиялык-медициналык-педагогикалык комиссиядан өттү. Анын ичинен 190 бала атайын адистештирилген дүлөй мектеп- интернатында, 187 бала үйүндө инклюзивдүү программа менен, 491 бала мектептерде женилдетилген программа менен окушат.

«Келечекке салым» мамлекеттик балдар депозитин ачуу боюнча, Кара-Суу району боюнча 18 жашка толо элек 100 тоголок жетим баланын тизмеси такталды. 95 баланын өздүк эсебине акча каражаты которулду. Анын ичинен 2006-жылы туулган 10 балага, ал эми 2007-жылы туулган 9 балага мамлекет тарабынан өздүк эсебине 500,0 сом акча каражаты которулган.

Ар бир айылдык аймакта райондук билим берүү, райондук ички иштер кызматы менен биргеликте үймө-үй кыдыруу жүргүзүлүп, тиешелүү түшүндүрүү иштери алып барылууда. Жашы жете элек балдар боюнча, түнкү убакта ата-энесинин көзөмөлсүз жүргөн балдар үчүн 6 жолу түнкү рейд өткөрүлдү. Рейд учурунда аныкталган 7 баланын ата-энелерине түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү.

### Зордук-зомбулукту жана укук бузуунун алдын алуу

Кылмыштуулукка, укук бузуучулукка, үй-бүлөлүк зордук зомбулукка каршы күрөшүү боюнча айыл аймактарында тиешелүү түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп жатат. “Кыргызстандын балдар айылдары” Коомдук фонду тарабынан “Социалдык иштин базалык көндүмдөрүн бекемдөө жана аярлуу балдарга жардам берүү үчүн социалдык коргоо боюнча адистерди окутуу” долбоорунун алкагында 25 социалдык кызматкер окуудан өттү.

2025-жылдын 2-кварталына карата 4 балага туулгандыгы тууралуу күбөлүк, социалдык коштоонун негизинде алып берилди. Турмуштун оор кырдаалына кабылган 3 үй-бүлөгө жеке иштөө планы, 36 балага жеке коргоо планы түзүлдү. Кара-Суу райондук мамлекеттик администрациясынын алдындагы балдар иштери боюнча комиссияга 16 материал жөнөтүлдү, анын ичинен 1 үй-бүлөнүн жеке иштөө планы, 6 баланын жеке коргоо планы аткарылды.





### Фостердик үй-бүлөлөрдү колдоо

Жаш балдарга кам көрүү, алардын коопсуз чөйрөдө чоңоюшун камсыз кылуу максатында Фостердик үй-бүлөлөрдү тандоо, аларды атайын даярдыктан өткөрүү жана бала багууда психологиялык колдоо көрсөтүү иш-аракеттерин жүргүзүү пландалган. Кара-Суу райондук соттун чечими менен 2025-жылдын 2-кварталында камкордук көрүүгө 12 үй-бүлөгө 21 бала, асырап алууга 21 үй-бүлөгө 21 бала берилген. Фостердик үй- бүлө болууну каалаган 11 жаранга окутуудан кийин сертификат берилди. Багып алуучу болуу үчүн кайрылып, базага катталганы 31. Бүгүнкү күндө бул багытта 10 үй-бүлөдө 28 бала тарбияланып жатат.

Райондо жөлөкпул алуучу 2736 үй- бүлө, жөлөкпул алуучу бала 10421 түзүү. 18 жашка чейинки майыптыгы бар 1687 бала, 18 жаштан жогорку 3624 социалдык жөлөкпул алуучу катталган. Жалпы оорусу боюнча 376, ал эми багуучусунан ажыраган үй-бүлөлөр, тоголок жетим жана пенсияга укугу жоктор 725, жалпы социалдык жөлөк пул алуучулардын саны 4349 түзүү. Калкты ишке орноштурууга көмөктөшүү

"Жаштардын жашоо көндүмдөрүн өнүктүрүү" аталыштагы тренинг өткөрүлүп, анын учурунда жумушсуз жүргөн жаштар жумушка орношуу мүмкүнчүлүктөрү, кесиптик багыт алуу, жана өз алдынча жумуш орундарын түзүү боюнча маалымат алышты.

Аталган бөлүмгө 2025-жылдын 2-кварталына карата 795 адам кайрылган. Жалпы каттоодо тургандар 2058 адамды түзөт, 1508 адам жумушсуз статусун алган. Жумуш издеп кайрылгандарды жумушка жайгаштыруу боюнча, 75 адам жумушка орношту. Жалпы 104 жаранга акы төлөнүүчү коомдук иштер уюштурулду.

БУУнун Бүткүл дүйнөлүк азык-түлүк программасынын негизинде 10 айыл аймак жана 1 шаардан 8 долбоор сунушталып, 295 адам ишке тартылды. Алардын эмгек акысы азык-түлүк 61,500 кг ун, 5,658 литр май түрүндө төлөп берилди.

Багууга жана көзөмөлгө дайыма муктаж болгон ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелүү баланын жеке ассистентинин кызмат көрсөтүүлөрүнө акы төлөө боюнча, 01.07.2025-жылга карата 592 жеке ассистентке 4 млн.597,0 миң сом эмгек акы төлөнүүдө.

### Социалдык кызмат көрсөтүү

Кара-Суу району боюнча 14080 аз камсыз болгон үй-бүлөгө социалдык паспорт толтурулган. Анын негизинде 11143 үй-бүлө жакыр деп аныкталган. 64 жалгыз бой улгайган карыя жана жалгыз 1-2-топтогу ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелген майып (ДМЧА) социалдык тейлөөдө турат. 45 жалгыз бой жаран, 19 ден соолугунан мүмкүнчүлүктөрү чектелген адам бар. Улуу Жеңиш майрамынын 80 жылдыгына карата согуш жылдарында ооруктa эмгектенген 4 адамга 15100 (он беш миң бир жүз) сомдон жалпы 60 400 (алтымыш миң төрт жүз) сом бир жолку жөлөкпул төлөндү. Жалпы 150 ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелүү адамдарга санатордук-курорттук жолдомо берилди.

**А.МАТИЕВА.**

Кеңешбек Сайназаров:

# ЖОЖдор алгачкы жылдары мектептин программасын эмес, шарт эле кесиптик билим бере башташ керек

**Быйыл Кыргызстан 12 жылдык билим берүү системасына өткөнүн расмий жарыялады. Бул демилге 20 жыл башта көтөрүлгөнү менен негизги жумуш былтыр – 2024-жылы официалдуу башталган. КР Агартуу министрлигинин маалымат кызматы билдиргендей, бул системага өтүүдө Сингапурдун усулу колдонулууда. Көп жылдан бери талкуланып келген бул өнөктүк реалдуу башталганы менен алдыда кандай ийгиликтерди жаратып, кандай кыйынчылыктарды баштан өткөрөт деген маселелер ачык бойдон турат. Ушул өңдүү суроолорду билим берүү боюнча серепчи Кеңешбек Сайназаровго сунуп, анын жарандык пикирин уктук.**

**-Кеңешбек мырза, саламатсызбы? Ошентип Кыргызстан 12 класстык билим берүүгө өттү. Сиз кандай кабыл алдыңыз?**

-Мен 12 жылдык билим берүү зарыл беле же зарыл эмес беле деген маселенин тегерегинде аракет кылып көрөйүн. Эгер концепциясы туура болсо, анда бул аябай эле ыңгайлуу оңой жасала турган нерсе деп ойлойм. Себеби бул жерде биринчиден бүгүнкү күндөгү көптөгөн көйгөйлөрдү чечсе болот эле. Окуу программасын балдардын жаш өзгөчөлүгүнө жараша түзүп, анан азыркы учурдагы жаштардын табиятына жараша окуу куралдарынын мазмунун өзгөртүп, андан сырткары, ошого жараша кылып мугалимдерди окутуу керек болчу. Анан эң негизгиси – балдарды бир тизимде алып барып туруп, окууну бүткөндөн кийин кесиптик техникалык окуу жайларда окутуп, ал жактан кыска, бирок техникалык билим алууга ылайыктап, анан калгандарын ЖОЖго жөнөтсө жакшы болот эле деп ойлойм. Ошондой болсо керек деп үмүттөнөм, ушундай кылып атышса керек.

**-Мындай билим берүүнүн артыкчылыгы эмнеде деп түшүндүрүп атышат? Сиз ошого ынанып атасызбы?**

-Мен көргөн, уккан нерселер туура боло турган болсо, бул – биздеги үч нерсени айтат элем. Биринчиси – бүгүнкү күндө биздин балдарыбыз акыл жагынан кыйла өнүккөн. 4-5 жашка барган кезде эле маалыматтарды кантип издеш керек дегенди билишет. Мисалы: телефон аркылуу ютубга кирип, өзүнө жаккан ар кандай видеолорду таап, материалдарды көрө алган муун өсүп атпайбы. Анан 6-7 жашка барган балдарды "А-та, ат-ка та-ка как" деп үйрөтө турган болсок, анда балага кызыксыз болуп калат го деп ойлойм. Ошого жараша бала менен эртерээк байланыш түзүп, билимин өнүктүрүү боюнча шарттар түзүлсө жакшы болсо керек. Экинчиси – орто мектептерди айтсак болот, бала мектепке келген мезгилде анын жөндөмүнө



жараша гуманитардык болобу же техникалык жагына кызыгабы, ушул жаатка ыктатуу керек. Үчүнчүсү – мен жогоруда айткандай, бардык эле бүтүрүүчүлөр университеттерге барып окубайт. Көпчүлүгү кесиптик билим алгысы келет. Демек аларды отургузуп алып, кесибине керексиз болгон оор сабактарды берип кыйнагандан көрө, баланын кызыккан тармагы боюнча гана окутсак жакшы болмок. Бала электр тармактарына кызыгып атабы, электрикке тиешелүү болгон сабактарды берсек, ошондо биз ЖОЖго окууга чындап кызыккан 20-30 пайыз бүтүрүүчүлөрдү алып калабыз. Ошону менен кийинки тизим ЖОЖго тиешелүү болот деп ойлойм.

Анан дагы бир нерсени эсибизден чыгарбашыбыз керек. Мурда университетти 5 жыл окучубуз, азыр 4 жыл. Бирок анын дагы 1 же 1,5 жылдык убактысын мектепти бүтүп келгенден кийин жалпы предметтер боюнча окутуп атабыз. Ошону да алып сала турган болсок, анда университеттерге барганда, мисалы: журналистика дейли, ушуга гана тиешелүү боло турган бийик деңгээлдеги предметтерди окутат элек. Анан адистиктер ошого дайынданып чыгат болчу деген идеяны айткым келет. Мен азыр 3 негизги нерсени айттым, менин укканым боюнча ушуларды даярдай турган болсо, абдан эле жакшы болот деп ойлойм.

**-Сиз АКШда окуп келгенсиз. Азыр коомчулукта, мектепти бүткөндөн кийин чет мамлекеттерде 12-классты бүткөндүгү тууралуу аттестатын же колледжди бүткөндүгү тууралуу дипломун талап кылат деген негиз кылышууда. Ушул туурабы же 11-классты бүткөн аттестат менен деле тапшырса болобу? Кенен түшүнүк бере кетсеңиз?**

-Башка мамлекеттерге окууга жөнөтөөрдө биз бир нерсени эстен чыгарбашыбыз керек. Бул деген – даярдык, анан тил маселеси. Бизден кайсы мамлекетке кандай гана балдар барбасын, аларда тил боюнча даярдык баары бир керек болуп калып атат. Мектепте 12 эмес, керек болсо 14 жыл окуса дагы, мисалы: сабактардын баарын немис тилинде өткөн Германияга барганда тил билбесе болбой калат да. Ошол үчүн барганда ал жакта бир жыл даярдоо курсунан өтүп атышат. Ушул эле нерсе башка мамлекеттерге да тиешелүү. Кытайды деле өзүңөр көрүп жүрөсүңөр, тил курстарын өткөндөн кийин бир жылдан соң акырындап барып негизги сабактарын ала баштайт. Бул жагынан алып караганда 12 жылдык окууну бүткөндөн кийин эле чет мамлекттердеги окуу жайларга түздөн түз кабыл алат деген түшүнүк бир аз тайкы болуп калабы деп ойлойм.

**-Рахмат маегиңизге.**

**Маектешкен: А.Каракозуев.**

**Өмүр бизден өтүп кетсе, эл эмгектен эскерсин**

# МАНАС ЖАКЫПОВ МЫКТЫ ФОТО-СҮРӨТЧҮ ЭЛЕ

**Мыкты фото-сүрөтчү Манас Жакыпов менен облустук «Ош жаңырыгы» гезитинде иштеп жүргөнүндө кесиптеш болдук. Ал Өзгөн районундагы Куршаб айылында туулган. Айтымында, алты жашында тагасы моюнуна фотоаппаратты илип, сүрөткө тартат. Көрсө, фото-сүрөтчү таякесинин өнөрү аны сыйкырлап, ага дем-шык берген экен. Ошол учур, бала чактагы кызыгуу менен сүрөт тартуу эч оюнан кетпей койот. Ошентип, ошол фотоаппарат менен фото-сүрөттөр арбап, 8-классты аяктагандан кийин Оштогу № 12-кесипчилик окуу жайында билим алат. Фото-ийримине катышып, көптөгөн сүрөттөрдү чыгарат.**

Эмгек жолун Өзгөн райондук турмуш тиричилик жактан тейлөө комбинатында иштөө менен баштаган. Ошол эле учурда Фрунзедеги фото-сүрөтчүлөрдүн атайын курсунан окуп, билимин өркүндөтүүгө жетишкен. 1979-жылдын март айында Өзгөн райондук «Өзгөн нуру» гезитине фото сүрөтчүлүккө чакырылып, анда 1998-жылга чейин иштеген. Румыния, Болгария, Молдова, Украина, Латвия, Литвияда болуп, чоң фотокөргөзмөлөрүнө катышуунун зор мүмкүнчүлүгү түзүлөт.

1998-жылы облустук «Ош жаңырыгы» гезитине чакырылып, 2009-жылга чейин иштеген. Өз кесибинин устасы катары белгилүү болду, фото сүрөтчүлүк өнөрү менен облустун элине таанылды. Ал изденип иштеди, өзүнүн кесипкөй мыкты фото корреспондент экендигин тастыктап, газетага көп эмгек сиңирди. Газетанын ажарын ачкан, бажырайган өзгөчө фото сүрөттөр аркылуу анын ысмы узун элдин учуна, кыска элдин кыйырына жетип турду.

Манас Жакыповдун таамай тарткан сүрөттөрү өз мезгилинде барк-баасын алган. Жетимишинчи жылдары облустук Кесиптик кошундар союзу уюштурган фото-конкурста «Килем соккон кыз» аталыштагы сүрөтү үчүн биринчи орунду жеңип алган.

Фото сүрөтчүлүк өнөрү менен 1989-жылы СССР фото-сүрөтчүлөр союзунун 1-курултайына делегат болгон. 2000-жылы «Сорос-Кыргызстан» фонду кесипкөй фото журналисттер үчүн уюштурган «Магнум фото» аталыштагы борбор калаа Бишкекте өткөн республикалык семинарга катышкан.

Ошондогу окутуп-үйрөтүүгө тандалган 13 фото-сүрөтчүнүн арасынан Манас Жакыповдун борбор калаадагы карыялар үйүнөн Зенит фото аппараты менен тарткан 7 фото-репортаж сүрөтү Францияга тандап алууга жетиштилген жана мындай чоң ийгиликтери үчүн Эл аралык сертификатка ээ болгон.

Ал эми 2003-жылы Интерньюс уюш-



турган номинациялык конкурска 250дөн ашык жазма жана фотожурналисттер чакырылып, тармак боюнча Гран-приге ээ болгон 2 фотожурналисттин бири Манас Жакыпов эле.

Райондук, облустук гезиттерде иштеп жүргөндө кесипкөй фотожурналист катары көптөгөн сынактардын жеңүүчүсү болгон. Көптөгөн байгелүү сыйлыктар жана Ардак грамоталар менен сыйланган. Кыргызстан журналисттер союзунун мүчөсү катары республикалык гезит журналдарга көптөгөн мыкты сүрөт ирмемдери жарыяланып келген.

Манас Жакыпов облустук «Ош жаңырыгы» гезитинде фото сүрөтчү болуп иштеген мезгилинде кесиптеш болдук. Жарыктык, табиятынан адамгерчилиги бийик, бир сырдуу, бежиреп сүйлөй бербеген, өтө жөнөкөй инсан эле. Таамай сүрөт тарткандай, удулу кеткенде тамашалап, таамай так, сөздү да таап сүйлөйт эле. Сүйлөгөн сөздөрү да орундуу эле.

Көп жылдар бою облустук «Ош жаңырыгы» газетасында иштеп, изги ийгиликтерди жаратып, сый-урматтын ээси болду. Эгемендүүлүк жылдарында өткөн бир катар салтанаттуу иш-чараларга катышып, көп сүрөттөрдү тартып, чоң эмгектерди жаратты.

Манас Жакыпов азыр арабызда жок, анын артында ага таандык кайталангыс фото ирмемдер элдин эсинде калды. Анын Манас-1000, Курманжан датканын 180 жылдык маарекесинде тарткан канчалаган тарыхый сүрөттөрү редакциянын архивинде сакталуу.

Манас Жакыпов сүрөт тартуунун сырын үйрөнүп, бийик даражага жетишине белгилүү фотожурналист, чыныгы устаты Пазыл Сарыбаевдин салымы чоң болгон. Устатым деп терең сыйлап, көп эскерет эле. Жубайы Пашакан экөө 5 кыз, 1 уулду тарбиялап, эрезеге жеткирген. Небере-чебереден уучу кур эмес, 15 неберенин чоң ата, таятасы.

**А.МАТИЕВА.**

Экология

# КЛИМАТТЫН ӨЗГӨРҮШҮНҮН ТААСИРИ

**Климаттын жер шарындагы өзгөрүшү глобалдык жылуулук жана ага байланышкан экстремалдык аба ырайы, деңиз деңгээлинин көтөрүлүшү, экосистеманын өзгөрүшү сыяктуу көрүнүштөр менен коштолот. Окумуштуулардын айтымында, анын негизги себепчиси болуп антропогенндик таасирлер, атап айтканда, жерден казылып алынган отундар ( катуу ( көмүр) жана суюк (нефть) отундары) күйгөндө пайда болгон парник газдары эсептелет. Мындан тышкары, планетада Жер шарынын абалына (кыйшаюу бурчуна) жараша климат өзгөрөөрү тууралуу да теория бар экенин окумуштуулар айтышат. Жер шарынын огунун кыймылына жараша жер бетине түрдүү сандагы күндүн энергиясы түшүшү мүмкүн.**



Жогоруда айтылган себептерден улам бүткүл дүйнөдө күндүн ысыгы жогорулап баратканын TAdviser.ru. белгилейт. 2024- жылы июлда дүйнөдө метеобайкоолордун тарыхында эң ысык күн катталган. 2024- жылы 22 -июлда атмосферанын жерге жакын катмарында орточо температура Цельсия боюнча 17,15 градуска жеткен. Бул болсо 1940 -жылдан бери жүргүзүлүп келаткан метеобайкоолордун тарыхында абсолюттук рекорд болуп эсептелээрин окумумуштуулар белгилешкен. Муну климаттын өзгөрүшү боюнча Copernicus Европалык кызматы маалымдаган.

Copernicus кызматынын берген маалыматы боюнча күндүн жогорку температурада ысышы дүйнөнүн ондогон аймактарында, анын ичинде Россияда, Канадада, Жер ортолук деңизинин жанындагы аймактарда, ошондой эле Борбордук Кытайда, Японияда жана Аляскада жана башка аймактарда байкалган. Бул аймактардын айрымдарында абанын температурасы абдан жогорулап, токойлордун өрттөнүшү сыяктуу жаратылыш катастрофаларын пайда кылган. Маселен, Борбордук Кытайда аба 42 градуска, Испанияда до 44 градуска, ал эми Японияда 37 градуска чейин ысыган.

России Федерациясынын Гидрометборборунун илимий жетекчиси Роман Вильфанд 2024– жылы июлда Антарктидада температура адаттагы орточо көрсөткүчтөн 10 градуска жогору болгонун белгилеген. Бул көрүнүш кооптонууну жаратпай койбойт. Адистердин айтымында, орточо глобалдуу температура 2024 – жылы июлда нормадан 1,7 градуска жогору болгон. Глобалдык ысып баруунун ылдамдыгы рекорддук мааниге жеткенин окумуштуулар белгилешет. 2014 –2013 жылдары ысып кетүү Цельсия боюнча орточо 1,19 градусту түзгөн. Ал эми 2013–2022 – жылдары 1,14 градусту түзгөн. Бул отчеттор Климаттын өзгөрүүсү боюнча Өкмөттөр аралык эксперттер тобунун 2024 -жылды 5 -июнундагы отчетунда көрсөтүлгөн. Күндүн ысышынын негизги себеби болуп парниктик газдардын абага көп ташталышы айтылган жана жылына CO2 орточо 53 млрд. тонналы түзгөн. Рекорддук температура адамдардын иш – аракетине байланышканы менен климаттын табигый өзгөрүшү да тиешелүү роль ойногондугун окумуштуулар белгилешкен. Казылып алынган катуу жана суюк отундарды пайдалануудан жана өнөр жай иш- аракеттеринен улам абага парник газдарынын ташталышы туруктуу жогорку деңгээлде калып жатканы да айтылууда. Глобалдуу орточо температуранын жогорулашы улануууда. Ошону менен бирге изилдөөлөр 2014– 2023 жылдары парник газын абага таштоо 2000 –жылдарга салыштырмалуу азайганын да билдиришкен.

Бүткүл дүйнөлүк саламаттыкты сактоо уюмунун билдирүүсүнө ылайык, климаттын өзгөрүшү масштабы барган сайын ашып бараткан күндүн катуу ысышына, токойлордун өрттөнүшүнө, суу каптап кетүүгө, тропикалык шамалдарга, бороон -чапкынга байланышкан өзгөчө гуманитардык кырдаалдарды жаратып баруууда. Адамдардын жашоосуна, саламатчылыгына да олуттуу таасрин тийгизет. Климаттык кризис өнүгүү тармагындагы, саламаттыкты сактоодогу жана жакырчылыкты жоюудагы жетишкен прогресске да таасирин тийгизбей койбойт.

2023 – жылдын жай айлары 2000 – жылдан берки эң ысык айлар болгонун европалык окумуштуулар белгилешти жана бул тууралуу маалыматты 2024-жылдын май айында жарыялашкан. Жердин 2000 жылдан берки температурасын аныктоо үчүн изилдөөчүлөр климатты куралдык өлчөөнү жана реконструкциялоону жалпылашкан.

2023– жыл абдан ысык болду жана бул тенденция парник газын абага таштоону токтотпосо сактала берээрин изилдөөчүлөрдүн бири Кембридж университетинин өкүлү Ульф Бюнтген билдирген.

Башка изилдөөлөр да 2023 – жылдын жайы ысык болуп, рекорддук жогорку температураны көрсөткөнүн тастыкташты. NASA өзүнүн 1880 -жылдан берки изилдөөлөрүнүн тарыхында 2023– жылдын жайы эң ысык болгонун ырастады. Климаттын өзгөрүшү боюнча Copernicus Европалык кызматы да 2023 – жылдын жайы тарыхтагы эң ысык айлар болгонун билдирген. Ал эми Улуттук океандык жана атмосфералык изилдөөлөр башкармалыгы (NOAA) 174 жылдык климаттык рекорддо 2023 – жыл эң ысык жыл болгондугун тастыкташкан. Ушундай эле маалыматтарды Бүткүл дүйнөлүк метеорологиялык уюму (WMO) жана Британиянын метеорологиялык кызматы (UK Met Office) да билдирген. Изилдөөлөрдүн авторлору 2002 жана 2023 – жылдары климаттык факторлорго байланышкан жаратылыш кырсыктарынан улам болгон экономикалык чыгымдар бүткүл дүйнөдө $451 млрд. долларды түзгөндүгүн жана мындан мурунку 8 жыл ичиндеги орточо көрчөткүчтөн 19 пайызга көп экендигин ырасташкан.

Кыргызстанда да климаттын өзгөргөндүгү, жылдык орточо температура жогорулап жана экстремалдуу жаратылыштык көрүнүштөр пайда болгондугу байкалууууда. Бийик тоолуу мөңгүлөрдүн ээрип жатышы келечекте таза суу менен камсыздоо маселесин жаратышы ыктымал. Түрдүү аба ырайынан улам айыл чарба жумуштарында да маселе жаралып, түшүм эгүү, жыйноонун мөөнөттөрүнө да таасир этиши мүмкүн. Ошондой эле биотүрдүүлүккө да таасири тийип, айрым өсүмдүктөрдүн, жаныбарлардын жоголуп кетишине шарт жаралышы да мүмкүн. Жаратылыш экосистемасына, адамдардын жашоо тиричилигине жана суу менен камсыздоого да таасири тийбей койбойт. КРда жыл сайын өзгөчө кырдаал орун алып, сел жүрүү, жер кыймылдоо, көчкү жүрүү, таш кулоо сыяктуу көрүнүштөр болуп турат.

БУУнун Координатору, ПРООНдун техникалык лидерлиги, КР Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлиги биргеликте жаңы Улуттук деңгээлде белгиленүүчү салымды даярдоо ( НУВ 3.0) ишин баштады. Бул багыт 2035 –жылга чейин абага парник газдарын таштоону азайтууну, климаттык таасирлерге туруктуулукту жогорулатууну көздөйт.

Кыргыз Республикасы климаттын өзгөрүшү менен күрөшүүгө жана өнүгүүнүн климатка туруктуу моделине багыт алган. БУУнун РКИК мүчөсү, БУУнун Париж климаттык макулдашуусун жана башка тиешелүү макулдашууларды ратификациялаган.

Климаттык туруктуулук үчүн Кыргызстанда миңдеген гектар жер аянттарын сугарруу үчүн жасалма мөңгүлөрдү жасашууда. Айлана- чөйрөнү коргоодо бир кыйла жетишкендиктер бар. Айрыкча, токойлорду жана жаратылышты коргоодо жетишкендиктер бар. 2000 -жылдан баштап токойлорду калыптандыруу иштеринин натыйжасында токойлор 6,2 пайыздан 6,9 пайызга көбөйдү. Өлкөбүздүн бардык токойлору мыйзамдуу түрдө коргоодо турат.

**Даярдаган:**
**К.Кыдыралиева.**

---

Жарыялар

## Жараксыз деп табылсын

Чолпонбай уулу Бекназарга таандык Ош шаардык салык кызматы тарабынан берилген жеке ишкердүүлүк жөнүндөгү күбөлүгү жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

**ххх**

Жеке ишкер Адылбекова Наргиза Мукумовнага таандык болгон ИНН 21108197500057 сандуу жеке ишкердик күбөлүгү жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

**ххх**

Ош шаарынын тургуну Саидов Диербек Баходиржановичке таандык "В" категориясындагы айдоочулук күбөлүгү жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

## Сынак

Ош облустук дене тарбия жана спорт башкармалыгы, Ош облусунун Алай районунун балдар–өспүрүмдөр спорт мектебинин директору бош кызмат орунуна сынак жарыялайт.

Сынакка катышуучулар төмөндөгүдөй талаптарга жооп бериши керек:

1. Кыргыз Республикасынын жарандыгы;
2. Жогорку билимдүү, (дене тарбия же педагогика адистигине артыкчылык берилет).
3. Эмгек стажы дене тарбия жана спорт тармагында же билим берүү системасында 5 жылдан кем эмес болуусу
4. Жетекчилик кызматта кеминде 2 жыл стажы болуусу
5. Дене тарбия жана спорт тармагына, педагогикалык системага тиешелүү Мыйзамдарды, Жоболорду, КР Конституциясын, КР Эмгек Кодексин жана башка тийиштүү Ченемдик укуктук актыларды талапка ылайык билүүсү.

Конкурска катышуу үчүн төмөндөгүдөй документтер талап кылынат;

1. Ош облустук дене тарбия жана спорт башкармалыгынын конкурстук комиссиясынын төрагасынын атына жазылган өздүк арыз;
2. Адистик учёт боюнча өздүк баракча 4.5х6.5 өлчөмүндөгү сүрөтү менен;
3. Билими жөнүндө дипломдун көчүрмөсү (нотариус тарабынан же иштеген жеринин башкармалыгы тарабынан тастыкталган);
4. Эмгек китепчесинин көчүрмөсү (нотариус тарабынан же иштеген жеринин башкармалыгы тарабынан тастыкталган);
5. Өмүр баян (кол менен жазылган);
6. Резюме
7. Паспорттун же өздүгүн тастыктоочу документтин көчүрмөсү (паспортунун же башка өздүгүн тастыктоочу документти конкурска келгенде көргөзүлөт);
8. Илим даражасы жана илим наамы берилгендигин, квалификациясын жогорулаткандыгын тастыктоочу документтердин көчүрмөлөрү;
9. Соттолбогону жөнүндө маалымкат;
10.Дело (документтер үчүн).

Аталган документтерди Ош облустук дене тарбия жана спорт башкармалыгына жарыя газетага чыккан күндөн баштап 10 (он) жумушчу күн ичинде Ош шаары, Карл Маркс көчөсү №1 дарегине тапшыруу зарыл.

Байланыш үчүн телефон: 0(3222) 4–80–35

Квалификациялык талаптарга жооп берген талапкерлер сынакка катышууга чакырылат. Сынакты өткөрүү орду жана күнү кошумча кабарланат. Тапшырылган документтери коюлган талаптарга жооп бербеген атуулдар, конкурска чакырылбайт.

## Аукцион

Дөң-Булак айыл өкмөтүнө караштуу Кара-Дарыя айылындагы 2000 кв.м., 2400 кв. метр жер аянттары аукцион аркылуу сатылат. Аукцион 2025-жылдын 28-август күнү саат 10-00дө Дөң-Булак айыл өкмөтүнүн кеңсесинде өтөт.

# МАНАС ТААНУУ - ТАРБИЯ БАШАТЫ

*Бакирова Бурулай Токоновна 1982-жылы Алай районунун Гүлчө айлында кызматчынын үй-бүлөсүндө жарыкка келген. Мектепке чейин балдар бакчасында тарбияланган. Гүлчө айлындагы Муса Абдышев атындагы мектеп гимназиясынан орто билимге ээ болгон. Жогорку билимди Ош МУдан алган. Экинчи билимди Ош Гуманитардык педагогикалык институтунун Кыргыз-Славиян факултетинен окуп, экинчи жогорку билимге ээ болгон. Эмгек жолун 2007-жылы Кара-Суу районунундагы №64 И.Сулайманов атындагы орто мектебинде орус тили жана адабияты мугалими болуп баштаган.. Аталган билим уясында 16 жыл үзүрлүү эмгектенген. Бул жылдарда көптөгөн ийгиликтерге жетишкен. 2023-жылдан бери Кара-Суу районунун Талдык айлындагы "Карлыгач" мектепке чейинки билим берүү уюмунун директору кызматын үзүрлүү аркалап келет.*

*Эмгек ишмерлигинде бир нече адистигин жогорулатуу курстарынан өткөн. Педагогикалык чеберчилигин дайыма өркүндөтүүнүн үстүндө эмгектенет. Айрыкча мектепке чейинки билим берүүнүн заман талабына ылайык усулдарын өздөштүрүү менен балдардын ата-энелеринин талаптарына ылайык көндүмдөр аркылуу STEAM технологияларынын интенсивдүү курстарына катышып, тийиштүү тастыктамаларга ээ болгон. Эмгек жолунда мыкты жетекчи жана билимкөй адис катары Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Ыраазычылык катын, Президенттин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн Ардак грамотасын, ошондой эле "Жылдын мыкты мугалими"жана "Жылдын мыкты жетекчиси"деп таанылган.*

*Кыргыз Республикасынын жүз жылдык тарыхы бар "Кыргыз Туусу" газетасы "Жылдын мыкты жетекчиси"деп тандаган.*

*Бурулай 2005-жылы турмуш очогунан түтүн булатып алты баланын апасы болгон. Жолдошу Кыбыев Кылычбек И.Сулайманов атындагы орто мектебинде мугалим болуп эмгектенет. Кызы Жыпаргүл И.Арабаев атындагы Университетинин студенти. Уулдары Жаркынбаев Нурдөөлөт Ош МУнун студенти, Нурмухаммед, Абдурахман жана Адурахим И.Сулайманов атындагы орто мектебинин окуучулары. Ал эми кенже уулу Аазам "Карлыгач"мектепке чейинки билим берүү мекемесинде тарбиланууда.*



Манас эпосу Кыргыз элинин улуттук аң сезиминде, тарыхый тамырларында, жан дүйнө дөөлөттөрүндө, үрп-адаттарында, каада-салттарында терең сакталган, улуттун кан-жаны менен бирге жашап келаткан улуу мурастарды өзүнө камтыган негизги булак болуп эсептелет. Эпостогу Манас баатырдын Кыргыз элим дегендеги мекенчилдиги, Каныкей эненин айкөл акылдуулугу, Бакай бабанын даанышман көсөм көрөгөч образдарын, ой сезими таза балдарга жеткирүү түйшүгүндө аталган коллектив үзүрлүү эмгектенип келүүдө. Ошондон улам бул жерде Манас темасын тарбиянын негизги булагы катары кабыл алышкан. Бүгүнкү күндө балдар бакчасында туура тарбия берүүдө балдарды акылдуу, эрктүү, боорукер, мекенчил болушун калыптандырууда Манас эпосунун таасирин негиз кылып алуу мүмкүнчүлүгү жакшы пайдаларды алып келээри бышык. Ушундан улам "Карлыгач" мектепке чейинки билим берүү мекемесинде, анын жетекчиси Бакирова Бурулай Токоновнанын таасирдүү уюштуруучулук иштери жүргүзүлүп келүүдө. Атап алганда "Манас-Атабыз","Каныкей эне","Эл башкарган Бакай"деген темаларда апталык иш чаралар көндүмдөрү аркылуу балдардын жаш болсо да аң сезимдерин, кызыгуусун арттырууда таасир берүүчү тарбиялык маанидеги иш-чаралар билим берүү уясында өз ордун тапкан.



Мындан сырткары, сүрөт тартуу, курама иштери, мазмундаштырылган драмалык оюндар, ыр бийлер "Манас" темасында жүргүзүлөт. Мындан балдардын чыгармачылык жөндөмдүүлүгүн өркүндөтүүгө, сүйлөө жөндөмүн байытууга, айлана чөйрөгө болгон эстетикалык кабылдоосун арттырууга тарбиячылар тарабынан өзгөчө маани берилет.

"Манас"эпосу жана анын заманбап тарбия берүүдөгү орду тууралуу сөз кылуу. Мектепке чейинки балдардын дүйнө тануунун кеңейтүүдө тарбиялык ишмердүүлүктө эпостун мазмунун туура колдонуу өзгөчө мааниге ээ.



"Манас"эпосу - Кыргыз элинин байыркы дүйнө таанымы акылмандыгы жана улуттук өзгөчөлүгү чагылдырылган теңдешсиз мурас.



Мунун актуалдуулугу заманбап балдарды тарбиялоодо да өз актуалдуулугун жоготпой, руханий негизди түптөйт.

Эпостун негизинде патриоттук сезим, ата-энеге, элге болгон урмат, эр жүрөктүүлүк, адилеттүүлүк сыяктуу негизги сапаттар даңазаланат.

Балдардын тилине ылайыкташтырылган "Манас" жомоктору, эпостун каармандары тарбиялык иш чараларда жана оюн-зооктордо активтүү колдонуу мүмкүнчүлүгү балдардын кызыгуусун арттырып, маалыматты жеңил өздөштүрүүгө жардам берет.

-МАНАС - Баатырдыктын ак ниеттүүлүктүн символу.

-КАНЫКЕЙ- Акылдуулуктун жана сабырдуулуктун үлгүсү.

-БАКАЙ- Даанышман кеңешчи жана аксакал.

Эпоско ылайык "Карлыгач балдар бакчасынын иш тажрыйбасына ылайык, апталык темаларда "Манас атабыз", "Эл башкарган Бакай", "Каныкей эне"сыяктуу темалык апталар уюштурулат.

Сүрөт жана кол өнөрчүлүктө, Манас туралуу сүрөт тартуу жана курама сүрөт иштери аркылуу балдардын чыгармачылыгын өркүндөтүлөт.

Драмалаштырылган оюндарда кыска жомокторду айтып берүү, драмалашкан көрсөтүү аркылуу балдардын сүйлөө жөндөмдүүлүгүн өстүрүү талаптагыдай болот.

Ал эми музыкалык оюн зооктордо Манас темасына арналган бий жана ыр элементтери камтылган оюн зооктор балдардын эстетикалык өнүгүүсүнө өбөк берет.

Практикалык мисалдардын негизинде Манас ата күнүндө балдар үчүн атайын сүрөт көргөзмөлөр уюштурулуп, тарбиячылар тарабынан Манастын эрдиктери баяндалат.

Оюн-зооктордо бала Манастын хан шайланышы тууарсында сахналык көрүнүштөр коюлат. Сөз байлыгын өнүктүрүүдө накыл сөздөрдү жаттатуу аркылуу балдардын сөз байлыгын өстүрүүгө маани берилет.

Манас таанууну билим берүүнүн заманбап системасына жакындаштыруу максатында колдонмолорду түзүү, иш чараларды пландоо, тренигдерди уюштуруу жана балдардын ата-энелерин тартуу балдарга Манасты таныууда негизги сунуштардан боло алат.

Манас эпосу келечек муунга руханий байлык, патриоттук сезим, адептүүлүк темаларында балдардын иденттүүлүгүн калыптандырып, тарыхый тамырыбыз менен байланышты бекемдей алабыз.

Ушундай иш тажрыйбалар келечекте оң таасирин берет деген ишенич меген "Карлыгач" мектепке чейинки балдарды тарбиялоо мекемеси аталган багытта активдүү иш алып баруу менен келечекте мыкты муунду өстүрүп чыгууга жакшы аракеттери бар экендиги бакчанын жетекчиси Бакирова Бурулай Токтокановна жетектеген коллективдеги иш тажырыйбалар үлгү болоорлук десек аша чапкандык эмес.

**М.Осмонов.**

